Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

КР Улутстаткомунун
2024-жылдын
27-июну № 48
буйругу менен бекитилген

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА ТУТУМУНУН АЛКАКТЫК НЕГИЗДЕРИ

## М А З М У Н У


**1. Киришүү**

**2. Башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери**

- Улуттук статистика тутумунун ишмердигин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар;
- Улуттук статистика тутумунун башкаруу органдары (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы, Өндүрүүчүлөр комитети)

**3. Улуттук статистика тутумунун максаттары жана милдеттери**

**4 . Улуттук статистика тутумундагы ролу жана милдеттенмелери**

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы;
- Өндүрүүчүлөр комитети

**5. Улуттук статистика тутумунун мүчөлүгү жана координациясы**

- Улуттук статистика тутумундагы мүчөлүк
- Улуттук статистика тутумун координациялоо


## 1. Киришүү

1.1. Бул документте Кыргыз Республикасынын улуттук статистика тутумунун (мындан ары – улуттук статистика тутуму) түзүмү баяндалган, ал улуттук статистика тутумунун башкаруусунун уюштуруучулук-укуктук негиздерин, координациясын; максаттарын жана милдеттерин; ошондой эле Кыргыз Республикасындагы расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдүн ролун жана милдеттерин аныктайт.

1.2. Улуттук статистика тутуму эл аралык стандарттарга ылайык, өлкө ичиндеги статистикалык уюмдардын жана түзүмдөрдүн жыйындысын түшүндүргөн термин катары аныкталат, ал улуттук өкмөттүн атынан расмий статистиканы биргеликте иштеп чыгат, жүргүзөт жана жайылтат.

– Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – Улутстатком) расмий статистиканын жетектөөчү жүргүзүүчүсү жана улуттук статистика тутумунун координатору катары ролу белгиленген;

– Улутстаткомдун маалыматтарды чогултуу, административдик жана башка маалымат булактарына жетүү боюнча ыйгарым укуктарын камтыйт;

– жашыруун статистикалык маалыматтарды коргоонун принциптерин жана жол-жоболорун чагылдырат;

– колдонуучулардын кызыкчылыктарын эске алуу менен расмий статистиканын сапатын башкаруу боюнча ченемдерди камтыйт;

- тиешелүү топтогу бардык колдонуучулар үчүн расмий статистиканы жайылтуунун принциптерин чагылдырат.

2.4. Расмий статистика жаатындагы укуктук мамилелердин субъекти ("Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренеси):

**Улутстатком** – расмий статистика жаатындагы мамлекеттик орган, расмий статистиканын жетектөөчү жүргүзүүчүсү;

**Түзүмдүк бөлүмдөрдөн турган башка расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр:**

а) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, ал "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык расмий статистиканы иштеп чыгат, жүргүзөт жана жайылтат;

б) бир гана же негизинен расмий статистиканы иштеп чыгуу, жүргүзүү жана жайылтуу менен алектенген мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

**административдик маалыматтарды жеткирип берүүчүлөр** – административдик максаттарда чогулган маалыматтарды расмий статистиканы жүргүзүүчүлөргө берүүчү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

**респонденттер** – расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр тарабынан маалыматтарды топтоонун алкагында өзү жана өз иши жөнүндө маалыматтарды берүүчү жеке, юридикалык жактар же үй чарбалары;

**расмий статистиканы пайдалануучулар** – кеңири коомчулук, жалпыга маалымдоо каражаттары, менчигинин түрүнө карабастан ишканалар жана уюмдар, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, изилдөөчүлөр жана окугандар, расмий статистиканы алуучу же ага жеткиликтүүлүгү бар эл аралык уюмдар жана башка өлкөлөрдүн уюмдары.

**Кыргыз Республикасынын Статистика боюнча кеңеши** – расмий статистиканы жүргүзүүчүлөргө стратегиялык мүнөздөгү сунуштамаларды иштеп чыгуу боюнча иш-милдетти жүзөгө ашыруучу консультативдик кеңеш берүүчү орган.

Бул контекстте Кыргыз Республикасынын расмий статистикасы Кыргыз Республикасындагы экономикалык, демографиялык, социалдык жана экологиялык массалы кубулуштарды репрезентативдик негизде чагылдырган жана БУУнун Расмий статистика жаатындагы негиз болуучу принциптерине ылайык түзүлгөн статистика болуп саналат.

1.3. Азыркы учурда улуттук статистика тутумун түзүү жана куруу “Расмий статистика жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык ишке ашырылып жаткандыгы эске алынып, документте улуттук статистика тутумунун ишмердигинин уюштуруучулук-укуктук негиздери баяндалды.

## 2. Башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери

2.1. Улуттук статистика тутумун куруу жана анын ишмердиги үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

– «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 22-сентябрындагы ПЖ № 178 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө жобо;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-октябрындагы № 551 токтому менен бекитилген 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жыл сайын бекитилүүчү Статистикалык программа;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасынын буйруктары;

– Өндүрүүчүлөр комитетинин чечимдери.

### «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

2.2. «Расмий статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2020-жылдын июль айында 2007-жылы кабыл алынган «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ордуна кабыл алынган.

2.3. Жаңы Мыйзамдын негизги өзгөчөлүктөрү:

– расмий статистика жаатындагы алдыңкы эл аралык түзүмдөр тарабынан сунушталган моделдик мыйзамдын негизинде иштелип чыккан, БУУнун расмий статистика жаатындагы негиз болуучу принциптерин камтыйт;

– улуттук статистика тутумунун уюштурулушун жана анын иштешин жөнгө салат, Кыргыз Республикасында расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу үчүн укуктук негизди белгилейт;

– расмий статистиканы өндүрүүчү уюмдардын жана уюштуруучулук бөлүктөрдүн кесиптик көз карандысыздык принциптерин чагылдырат;

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жөнүндө жобо**

2.6. Улутстатком расмий статистика жаатындагы мамлекеттик орган, улуттук статистика тутумунда расмий статистиканы иштеп чыгуу, жүргүзүү жана жайылтуу боюнча ишти координациялоону камсыз кылуучу расмий статистиканын жетектөөчү жүргүзүүчүсү болуп саналат.

2.7. Улутстатком кесиптик көз карандысыз орган болуп эсептелет, ал "Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинде баяндалган расмий статистиканын жоболоруна жана принциптерине каршы келген милдеттер жүктөлүшү мүмкүн эмес.

Улутстатком Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин курамына кирбейт жана Кыргыз Республикасынын Президентине отчет берет.

2.8. Улутстатком мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар, эл аралык уюмдар жана башка өлкөлөрдүн статистикалык кызматтары менен өз ара аракеттенүү менен өз ишмердигин жүргүзөт.

2.9. Улутстатткомдун милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

– расмий статистика чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

– расмий статистиканы жүргүзүү жана жайылтуу;

– коомдун, мамлекеттин жана эл аралык уюмдардын расмий статистикалык маалыматтарга болгон муктаждыгын канааттандыруу;

– улуттук статистика тутумунда расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу боюнча ишмердикти координациялоону камсыз кылуу.

**2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын расмий статистикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы**

2.10. Орто мөөнөттүү статистикалык программа (мындан ары – Программа) Кыргыз Республикасындагы статистикалык тажрыйбаны жана методологияны алдыңкы беш жыл аралыгында өнүктүрүүнүн башкы стратегиялык багыттарын аныктаган негизги программалык документ болуп саналат.

2.11.Программанын максаты төмөнкүлөргө багытталган реформаларды, чараларды жана иш-аракеттерди жүргүзүү болуп эсептелет:

– статистика органдарынын жана жалпысынан алганда республиканын улуттук статистика тутумунун ишмердигин сапаттуу жакшырышын жана натыйжалуулугун аныктаган "Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу;

– респонденттердин ишинин оордугун жана аны өндүрүүгө кеткен чыгымдарды бир эле мезгилде төмөндөтүү менен мамлекеттин жана коомдун сапаттуу расмий статистикага болгон өсүп жаткан керектөөлөрүн натыйжалуу жана таасирдүү канааттандыруу үчүн бирдиктүү эл аралык стандарттарга негизделген статистикалык өндүрүштү модернизациялоо:

**Расмий статистиканын негиз болуучу принциптери**

2.5. "Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, расмий статистиканын бардык жүргүзүүчүлөрү расмий статистиканы иштеп чыгууну, жүргүзүүнү жана жайылтууну расмий статистиканын төмөнкү негиз болуучу принциптерине ылайык жүзөгө ашырышы керек:

– **кесиптик көз карандысыздык**, бул расмий статистиканын жүргүзүүчүлөрү статистиканы иштеп чыгуу, жүргүзүү жана жайылтуу, анын ичинде пайдаланылган маалымат булактарын, концепцияларды, аныктамаларды, усулдарды жана классификацияларды тандоо, ошондой эле жайылтуунун бардык формаларынын мөөнөттөрүн жана мазмунун аныктоо боюнча өз чечимдерин көз карандысыз жана саясий же жана башка тышкы булактардын кандайдыр бир таасирисиз жана кийлигишүүсүз кабып алуусун билдирет. Расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр өз компетенциясынын чегинде статистикалык маселелерге жана расмий статистика туура эмес пайдаланылган учурларга өз пикирин ачык-айкын билдире алат;

– **калыстык жана объективдүүлүк**, бул расмий статистика кесиптик стандарттарга ылайык, бейтарап, ишенимдүү жана калыстык менен иштелип чыгат, жүргүзүлөт жана жайылтылат жана саясий билдирүүлөргө же түшүнүктөргө көз каранды болбой тургандыгын билдирет. Бардык пайдалануучуларга расмий статистиканы алууга тең жана бир убакытта жеткиликтүүлүк берилет;

– **тактык жана ишенимдүүлүк**, бул расмий статистика максималдуу анык, так жана чыныгы маалыматтарды чагылдырат, ошондой эле булактарды, аны жүргүзүүнүн жана жайылтуунун усулдарын жана жол-жоболорун тандоого колдонулуучу илимий критерийлерге таянат дегенди билдирет;

– **макулдашуучулук жана салыштыруучулук**, бул расмий статистика убакыт боюнча динамикада жана региондор жана өлкөлөр боюнча тилкеде эл аралык деңгээлде макулдашылган жана салыштырылган мүнөзгө ээ экендигин билдирет;

– **ачыктык жана айкындуулук**, бул расмий статистика ачык жана түшүнүктүү түрдө берилет дегенди билдирет. Колдонулган усулдар жана жол-жоболор пайдалануучуларга ачык формада жеткирилет, бул туура чечмелөөнү камсыз кылат;

– **статистикалык купуялуулук жана статистикалык максаттарда гана пайдалануу**, бул расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр тарабынан жыйналган же алынган жана жеке жана юридикалык жактарга таандык жекече маалыматтардын өтө купуялуулугун, ошондой эле мындай маалыматтарды статистикалык максаттарда гана пайдаланууну билдирет;

– **релеванттуулук**, бул расмий статистиканын пайдалануучулардын учурдагы жана келечектеги керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнүн, ошондой эле жарандардын жалпыга жеткиликтүү маалыматтарды алууга болгон укуктарынын сакталышынын баскычын билдирет.

– респонденттердин ишин жеңилдетүү жана расмий статистиканы өндүрүүгө кеткен чыгымдарды азайтуу максатында административдик маалыматтарды алмашуу аркылуу расмий статистиканын жүргүзүүчүлөрүнүн ортосундагы кайталоолорду жоюу;

– статистикалык маалыматтардын сапатын жөнгө салуу жана мыйзамсыз пайдаланууга каршы ачык аракеттенүү;

– улуттук статистика тутумунун ичинде кесиптик алмашууга көмөктөшүү.

## 4. Улуттук статистика тутумундагы ролу жана милдеттенмелери

**Улутстаткомдун төрагасы**

4.1. Улутстаткомду Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дайындалган төрага жетектейт.

4.2. Төрага улуттук статистика тутумунун кесиптик көз карандысыздыгын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт жана расмий статистика жаатындагы стратегиялык иштеп чыгууларга жана кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүүгө жетекчилик кылат.

4.3. Төрага расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу үчүн расмий статистиканын башка жүргүзүүчүлөрү менен макулдашуу боюнча бүткүл улуттук статистика тутумунда колдонуу максатында стандарттарды, классификаторлорду жана жетектөөчү принциптерди чыгара алат, ошондой эле административдик маалыматтарды жеткирип берүүчүлөрдүн стандарттарды, классификацияларды жана терминологияны пайдалануусуна көмөк көрсөтө алат.

4.4. Төрага расмий статистикада стратегиялык жана координациялоочу иш-аракеттерди колдоо үчүн улуттук статистика тутумунун мүчөлөрү менен же мүчөлөрү жок ар кандай консультативдик органдарды түзө алат.

4.5. Төрага улуттук статистика тутумун эл аралык деңгээлде көрсөтөт.

**Өндүрүүчүлөр комитети**

4.6. Өндүрүүчүлөр комитети Кыргыз Республикасынын расмий статистиканын бардык жүргүзүүчүлөрүнүн өкүлдөрүнөн турат жана Улутстаткомдун төрагасынын төрагалыгы алдында иш алып барат.

4.7. Өндүрүүчүлөр комитети бүтүндөй улуттук статистика тутумунун алкагында статистикалык иштерди координациялоо үчүн жооп берет.

Өндүрүүчүлөр комитети өз ишмердигинин алкагында талкуулоолорду, карап чыгууларды ишке ашырат жана төмөндө көрсөтүлгөн маселелер боюнча макулдашылган саясатты жүргүзөт:

– улуттук статистикалык тутумда бирдиктүү, эл аралык макулдашылган статистикалык түшүнүктөрдү, аныктамаларды, классификаторлорду, стандарттарды жана методологияларды колдонууну камсыз кылуу;

– өлкөдөгү статистикалык маалыматтардын ырааттуулугун, карама-каршылыгын жана салыштырмалуулугун камсыз кылуу;

– статистикалык программанын мазмуну;

– статистикалык купуялуулукту камсыз кылуу;

– коомдун, мамлекеттин жана эл аралык коомчулуктун расмий статистикалык маалыматтарга болгон муктаждыгын канааттандыруу;

– улуттук статистика тутумунда расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу боюнча ишмердикти координациялоону камсыздоо.

**Статистикалык программа**

2.12. Статистикалык программа "Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекетти жана коомду расмий статистикалык маалыматтар менен камсыздоо максатында иштелип чыгат.

2.13. Статистикалык программанын максаты улуттук статистика тутумунун ишмердигин пландоо, расмий статистиканын жүргүзүүчүлөрүнүн ишин натыйжалуу координациялоо, респонденттерден жеке маалыматтарды чогултуу үчүн укуктук негизди камсыз кылуу жана мамлекеттик органдардан административдик маалыматтарды алууну жөнгө салуу болуп саналат.

2.14. Статистикалык программа Улутстатком, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана башка расмий статистиканын жүргүзүүчүлөрү тарабынан өндүрүлгөн расмий статистикалык маалыматтардын тизмегин камтыйт.

## 3. Улуттук статистика тутумунун максаты жана милдеттери

3.1. Улуттук статистика тутуму – расмий статистиканы чогултууну, өндүрүүнү жана жайылтууну ишке ашырган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жыйындысы.

3.2. Улуттук статистика тутумунун негизги максаты колдонуучулардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн сапаттуу расмий статистиканы өндүрүүнүн натыйжалуу, шайкеш келтирилген жана интеграцияланган тутумун түзүү болуп саналат.

3.3. Улуттук статистика тутумунун ролу расмий статистиканын институционалдык сапатын бекемдөө, атап айтканда, ар бир өндүрүүчүнүн кесиптик көз карандысыздыгын камсыз кылуу, коомдук жыргалчылыктын кызыкчылыктарына кызмат кылган расмий статистикага ишенимди камсыз кылуу, статистика тутумунда өндүрүүчүлөрдүн маданиятын түзүү максатында расмий статистиканы өндүрүүчүлөрдүн арасында корпоративдик статистикалык окшоштукту түзүү жана колдоо болуп саналат.

3.4. Улуттук статистика тутумунун милдеттери:

– "Расмий статистика жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине, БУУнун расмий статистика жаатындагы негиз болуучу принциптерине, ошондой эле таанылган эл аралык статистикалык стандарттарга жана сунуштамаларга ылайык мамлекеттин жана коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн расмий статистиканы натыйжалуу иштеп чыгууну, өндүрүүнү жана жайылтууну камсыздоо;

– мамлекеттик статистикалык ишмердикке тиешелүү бардык маселелер, стандарттар жана классификациялар боюнча саясатты талкуулоо жана түзүү;

– улуттук статистика тутумунун бардык мүчөлөрү менен бирдей, эл аралык деңгээлде макулдашылган түшүнүктөрдү, аныктамаларды, классификаторлорду жана ыкмаларды иштеп чыгуу жана колдонуу;

– улуттук статистика тутумундагы жайылтуунун жана коммуникациянын жалпы саясаты;

– сапатты камсыз кылуунун бирдиктүү тутуму жана бирдиктүү сапат белгиси.

Өндүрүүчүлөр комитетинин ишинин регламенти улуттук статистика тутумунун бардык мүчөлөрү менен макулдашылгандан кийин Улутстаткомдун төрагасынын буйругу менен бекитилет.

**5. Улуттук статистика тутумунун мүчөлүгү жана координациясы**

**Улуттук статистика тутумундагы мүчөлүк**

5.1 Улуттук статистика тутуму төмөнкү расмий статистиканы жүргүзүүлөрүнөн турат:

- Улутстатком;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүгү;
- жалаң гана же негизинен расмий статистиканы иштеп чыгуу, өндүрүү жана жайылтуу менен алектенген мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк жүргүзүүчүлөрүнүн ичинен башка расмий статистиканы жүргүзүүчүлөр.

Азыркы убакта Улутстатком улуттук статистика тутумундагы мүчөлүктү кеңейтүү үчүн мамлекеттик органдар менен потенциалдуу расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдү аныктоо иштерин жүргүзүп жатат.

**Улуттук статистика тутумун координациялоо**

5.2. Улутстатком Улутстаткомдун төрагасынын жетекчилигинин алдында улуттук статистика тутумунун ишмердигин координациялайт жана илгерилетет.

5.3. Улутстатком белгиленген тартипте:

– Улутстаткомдун төрагасынын жетекчилигинин алдында Өндүрүүчүлөр комитетинин ишмердигин уюштурат, анын курамына башка расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдүн өкүлдөрү кирет;

– расмий статистиканы жүргүзүүчүлөрдүн статистикалык ишмердигин координациялоо үчүн жылдык Статистикалык программаны иштеп чыгат;

– улуттук статистика тутумун натыйжалуу координациялоо үчүн башка ишмердикти жүзөгө ашырат.